УДК: 1(091)

Сооронбаева Ч.К.

*К.Тыныстанов атын. ЫМУ*

# ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ЧЫГЫШ РЕНЕССАНСЫ ЖАНА ЖУСУП БАЛАСАГЫН

*Макалада орто кылымдагы Чыгыш Ренессансынын даанышмандарынын аттары аталып, айрыкча, Жусуп Баласагуний тууралуу кыскача баяндалат.*

Орто кылым философиясын карап келгенибизде, өзгөчө бай, мазмундуу, терең жана ар илимде ордун тапкан салмактуу даанышман, ойчул, акылмандарга туш болобуз. Ал мезгилдин айрыкча жарк эткен илимдин жылдыздары дагы деле ары табышмактуу, ары кызыктуу, улам сырын ачкан сайын тамшанткан керемет дүйнө болуп сезилет. Араб тилдүү ойломдор эки аспектиде философиялык жана диний катмарда камтылган.

Ал эми Караханиддер Ренессансынын өкүлдөрү өз мезгилинде баа жеткис мурастарды курандын тили же арабча жазып калтырышкан. Ал кезекте араб жана түрк тилдериндеги жазылган чыгармаларды аздектеп, аалам илимине жол салган. Айталы, «Байыркы араб падышаларынын тарыхы» жыйнактары байыркы антикалык улуу ойлордун негизинде Аль Момун тарабынан которулуп жазылган. Араб философтору грек философторунун эмгектери менен абдан жакын тааныш болгондуктарынан, Аристотелдин, Порфирийдин, Платондун эмгектерин сүйүп окушуп, баяндамаларды жазышкан.

Санап өтсөк, *Мухаммад Аль Хорезми* (1Х-к) - алгачкы түрк математиги инженерия, жер өлчөө иштери үчүн эсептик тактыктын керегин сезип, алгебралык башталышты жазган. *Абдрахман Суфи* (Х–к.) - ай календарын түзүп, орозо убактысын туура түзө алган.

*Ахмед Балазури* - «Өлкөлөрдү басып алуу» тарыхый жыйнагында аскердик жүрүштөр тууралуу жазган.

*Мухаммад Табари* (болжол менен 839-923 –ж.ж.) - бир нече томдуктардан турган «Пайгамбарлар жана халифтер тарыхы» хадистери жана отуз жыйнактан турган Куранга жазган комментарийлери халифаттын алтын казынасы болгон.

*Мухаммед Бируни* (973-1050-ж.ж.) – байыркы тарыхы бай Индия өлкөсүнүн таржымалын, топорафия, география, астрономия, математика, физика, медицина, геология илимдерин изилдеп, Н.Коперниктин илимий астрономиялык далилдерин өз убагында эле ачып койгон эле.

*Аль Сами* – өзгөчөлөнгөн окумуштуу акын, «Жалпы дүйнө тарыхын» ыр түрүндө жазып, географиялык илимге салым кошкон.

*Жусуп Аль Кинди* (800-879) - геометрия, музыка, медицина боюнча эмгектерди жаратуу менен мистиканын илимий жолун анализдеген.

*Мухаммад Аль Фараби* (870-950) - психология, астрономия, политология, философияны мыкты өздөштүргөн. Айрыкча, анын Аристотелдин эмгектерин араб дүйнөсүнө таанытуу менен, «Акыл берметтери», «Даанышман шаардын жашоочуларынын көз караштары тууралуу китеп» жана «Илимдердин келип

чыгышы» эмгегин жараткан.

*Абу Али Ибн Сина* (980-1037) – Европа өлкөлөрүндө даңкталган, дарыгерчилиги менен аты чыккан улуу инсан жана жана өзгөчө феномендин «Дарылоо илиминин канону» эмгеги азыр да өтө актуалдуу жана маанилүү чыгармалардын бири.

*Ибн Баджа* (XI–к) - айрым көз караштары исламдын идеяларына каршы болгондуктан, эмгектери өрттөлүп, жок кылынса да, айрымдары сакталып бизге жеткен. Айтсак, «Жалгыз бой селсаяктын жашоосу» чыгармасы адамдын рухий дүйнөсүнүн тазалыгына көңүл бурган.

*Ахмад Ибн Рушд* (1126-1198) – өзгөчө философиялык ой таанымдарга басым коюп, адамдардагы теңдүүлүктү жактап, коомдук-саясий мамлекеттик иштерге карата мыкты идеяларды бере алган.

Даанышмандардын ысымы ушуну менен эле токтобой улана берет. Ошентсе да биз алардын ысымын атап өттүк. Эми кыргыз дөөлөтүнө жакын, дүйнөсүнө аралашкан залкарларыбызга токтолсок. Алардын бири *Махмуд ибн Хусайн Мухаммед Кашкари Барскани* – тарыхый улуу инсан, ойчул, аалым жана акылман. Анын бизге чейин жеткен эмгектери боюнча далай изилдөөлөр жүргүзүлсө да, дагы деле тактала электери бар. Демек, Махмуд Кашкаринин эмгеги - асыл кенч жана түбөлүк акылдардын аска-зоосу. Адамзат тарыхында байыркы мезгилдерден бери карай коомдук- социалдык абалдар ар түркүн кырдаалдарды баштан өткөрүп келе жатат. Ошондой тарыхый окуяларды башынан кечирүү менен 15 жыл түрк тилдүү элдерди кыдырып, чыныгы зор эмгекти жараткан. Убагында философиялык көз караштарды, түшүнүктөрдү байыркы түрк тилинде берсе да, маанисин жоготпой, коомдо колдонулууда. Жашоонун маанилүү маселелерине ой толгоп, аларга жооп табууга аракет жасаган.

Ошентип, кыргыз таануу илиминде көп багыттуу, көп кырдуу, өтө татаалдыктарга туш болгон кубулуш - андагы ички рухий дөөлөттөрү орток түрк элдеринин жана ислам ишениминин салттарына бекемделген, Карахандар доорундагы улуу философиялык көз караштар Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасында, Махмуд Кашкаринин «Диван лугат ат түрк» эмгегинде, «Огуз наамеде» акылмандыктын жогорку үлгүлөрү берилген. Демек, орто кылымдагы түрк философиясы маданий улуу уникалдуу чыгармалардын астында жаралган. Алып карап келсек, Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасынын өзү эле бүтүндөй энциклопедия болуп саналат. Анда грек философу Платонго таянган идеалисттик ойлорун да бекемдеген саптар бар. Демек, Жусуп Баласагын өз заманынын гуманист акылгөйү болгон.

Өз мезгилинин өзгөчө уникалдуу түшүнүгү жана дүйнө таанымынын тереңдиги менен даңкы чыккан акын ойчул Жусуп Баласагындын шедеври болгон улуу чыгармасынын таасирдүүлүгү менен азыркы динамикалуу коомдо да баасын жоготкон жок. Борбордук Азия элдеринин күнүмдүк жашоосунун мазмундуу өзөгүн чагылдырган улуулукту ким гана болбосун сезбейт койбойт. Дүйнөлүк адабияттын баа жеткис мурасына айланган «Кут алуучу билим» азыр да өтө

актуалдуу. Жусуп Баласагын «Кут алуучу билим» поэмасы - биздин ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу эки маданияттын — отурукташкан жана көчмөн маданияттарыбыздын - түпкү башатын ырастаган элдик кенч. Жусуп Баласагындын көз караштарын төмөнкүчө бөлүштүрсөк болот:

1. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды даңазалоо;
2. Адам жана Аалам байланышы;
3. Адамдын амалдары жана рухий дүйнөсү;
4. Социалдык турмуш жана саясий коом;

Акын өзүнүн көз карашында адам биологиялык жандык болсо да, айбандардан акылы, эске тутуу жөндөмү, кабыл алуу, чөйрөнү түшүнүүсү, билим жана бири-бирине жасаган сый-урматы менен айырмаланат. Адамдардагы биригип топ-топ болуп жашап, коом түзүп, тиричилик өткөрүүсү кадимки көрүнүш болгону менен, андагы түрдүү кырдаалдар, абалдар ойчулду түйшөлткөн. Коом жашоосундагы мамлекеттик башчылык, эл жетекчиси болуу милдети жөн гана кызматтардан эмес. Ар бир адам өзүнүн келечеги жана турмушу үчүн билим алса, башчылар андан он эсе билимге эгедер болушу шарт. Калк менен башчынын гармониялуу биримдикте түшүнүү менен клапыка салып кызат кылуусу акыйкаттуулукту талап кылат. Адам кайсы социалдык топко ээ болбосун, анда адеп-ахлак маселеси айдан ачык көрүнүп туруусу керек. Автор адамды адам кылып тарбиялоо үчүн тоодой эмгекти талап кылаарын билген. Чыгармада саясий лидерчиликтин сапаттарын бектик мүнөз менен айта билген. Саясий лидерлер акылга, билимге эгедер, эл баштоочу, алдын-ала келечекти туя алган, кыйынчылыктан куткарган, үлгүлүү жүрүш-турушка, өзгөчө касиеттерге ээ адамдардын сыпатын сүрөттөй алган.

Автор көз карашында өз мезгилиндеги саясий абал менен феодалдык учурду чагылдыра алган. Тарыхый процесстеги коом тенденциялары, өзгөрүштөр, башкаруу чөйрөсү өзү күбө болгон процесстер болуп саналат. Андай көрүнүштөргө карата ойчул тереңден баам салып, сабырдуулук менен гумандуулукка үндөп турган. Орто кылымдын үлкөн ойчулдарынын ар багыттуу идеяларын кошо коштоп, заманынан артта калбай илимге нак сугарылгандыгын көрсөтүп турат. Коомдук, мамлекеттик түзүлүштүн оң-солун, негативдүүлүк жана позитивдүүлүк ойлордуу аналитикалык жактан талдап, акыл менен бере алган. Аз кездеги хандыктардын доору өз акылман жана кеңешчилеринин саясаты менен коштолгон эле. Мындай көрүнүшкө Жусуп Баласагын четте карап турбастан, каймактаган ойлорду ошол башчыга арнап бергени менен ал кийинки муундар үчүн зор акыл, мурас же болбосо колдон түшүрбөй турган китепке айланды. Мамлекеттин өзүндө жеке башчыдан башка да мыктылар, эмчилер, акындар, дыйкандар, соодагерлер, усталар, кедейлер, дарыгерлер болуп, коомчулуктун дифференциялуу катарын түзөөрүн айтат. Ар бир адам өз орду бар болот. Аларга кандай мамиле жасап, шайкештикти түзүүнү да айтат. Ал жөн гана жеке авторго тиешелүү эмес, түрк дүйнөсүнүн энциклопедиясы же тагыраак айтканда керектүү даректерди таап берүүчү негиз болот. Анда адамдын Ааламды таанып билүүдөгү көз караштары,

айлана-чөйрөгө болгон, табигатка болгон маселелер жана астрономиялык билимдер да камтылган. Телескопсуз эле ааламдын алты амалдуу сырын, андагы жаралган планеталар түшүнүгүн байыркы окумуштуулардын албан  эмгектери менен таанышып, жеке дүйнө таанымы менен калчап койгон.

Заманынын залкар акыны поэтикалуу чыгармасы менен бүтүндөй түрк дүйнөсүнө шедеврди жараткан. Келечек дагы да акындын чыгармасынын саясий, социалдык, этикалык жагын ачып берүүсү керек.

Адабияттар:

1. Гуревич А.Я. Средневековый мир. – М., 1990.
2. Жусуп Баласагын.  Куттуу билим. - Москва, 1993.
3. Касымжанов А.Х.  Абу Наср аль-Фараби. - М., 1982.
4. Философский  энциклопедический  словарь. – М., 1959.